УДК:**808.5(07)**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУДА ДИДАКТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРИН КОЛДОНУУДА КЕП ИШМЕРД ҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

Исакова Светлана Турдубековна - К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасынын окутуучусу
E-mail: svetaisakova0180@gmail.com

**Аннотация:** Макала тарыхый-педагогикалык планда жазылган, анда улуу педагогдордун дидактика жана дидактикалык принциптер тууралуу айткандарынан тартып, азыркы кыргыз окумуштууларынын кеп маданияты тууралуу ойлору берилген. Окутуунун дидактикалык принциптери, алардын ичинен кеп маданияты, мектепте окуучуларды сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгүнө көнүктүрүү боюнча принциптер жөнүндө ойлор берилет. Кеп маданиятын адабият сабагында өнүктүрүүгө байланыштуу аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, билимдин акырындап жана ырааттуу берилиши (принцип постепенности и систематичности знаний), билим берүүнү практика менен бекемдөө, жеткиликтүүлүк, илимийлүүлүк, уланмалуулук (удаалаштык) принциптери мисал катары алынат. Азыркы негизги багыты окуучунун предмет боюнча билимдеринин жогорку сапатына гана эмес,анын инсан катары, адептик, ишке жөндөмдүү жана эмгекти жакшы көргөн,интеллектуалдык чыгармачылык жактан активдүүлүгү, кесиптик тагдырынын түзүүчүсү болушуна жетишүүчү даяр окуу материалдарын баяндап берүү менен чектелбей,идеялар,теориялар,концепциялар позициясы проблемаларды жана карама-каршылыктарды көтөрүп, мектепти жаңылоо шарттарында алардын маанисине баа берип жаткан турмуштук чындыкты сын көз караште талдоону уюштуруу каралган.

Макала мектеп мугалимдерине, жогорку окуу жайларынын окутуучуларына, магистрлерге арналат.

**Түйүндүү сөздөр:** кеп, кеп маданияты, дидактика, дидактикалык принциптер, тил байлыктары, методология, методологиялык таяныч, оозеки кеп, жазуу кеби, кеп ишмердүүлүгү.

# ПУТИ ФОРМИРОВАНИЯ РЕЧЕВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРИ ПРИМЕНЕНИИ ДИДАКТИЧЕСКИХ ПРИНЦИПОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

Исакова Светлана Турдубековна - К. Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова, преподаватель кафедры дошкольного и начального образования

**Аннотация:** статья написана в историко-педагогическом плане, в ней представлены мысли современных кыргызских ученых о культуре речи, начиная с высказываний великих педагогов о дидактике и дидактических принципах. Даны представления о дидактических принципах обучения, в том числе о культуре речи, о принципах адаптации учащихся к речевой и письменной деятельности в школе. В качестве примеров можно привести принципы сознательности и активности, наглядности, постепенности и последовательности передачи знаний, закрепления знаний практикой, доступности, научности, преемственности, связанные с развитием культуры речи на уроке литературы. В настоящее время основное внимание уделяется не только изложению готового учебного материала, способствующего высокому качеству знаний ученика по предмету, но и его интеллектуальной творческой активности как личности, трудолюбивой и трудолюбивой, составляющей его профессиональную судьбу, позиции идей, теорий, концепций поднимают проблемы и противоречия, дают оценку их значимости в условиях обновления школы. предусмотрена организация критического анализа жизненных реалий.

Статья будет посвящена школьным учителям, преподавателям высших учебных

заведений, магистрам.

**Ключевые слова:** речь, культура речи, дидактика, дидактические принципы, языковые ресурсы, методология, методологическая основа, устная речь, письменная речь, речевая деятельность.

## ПУТИ ФОРМИРОВАНИЯ РЕЧЕВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРИ ПРИМЕНЕНИИ ДИДАКТИЧЕСКИХ ПРИНЦИПОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

Isakova Svetlana Turdubekovna - Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov,
teacher of the department of preschool and primary education

**Annotation:** The article is written in historical and pedagogical terms, it presents the thoughts of modern Kyrgyz scientists about the culture of speech, starting with the statements of great teachers about didactics and didactic principles. Ideas are given about the didactic principles of teaching, including the culture of speech, the principles of adaptation of students to speech and writing activities at school. As examples, we can cite the principles of consciousness and activity, clarity, gradualness and consistency of knowledge transfer, consolidation of knowledge by practice, accessibility, scientific character, continuity associated with the development of speech culture in the literature lesson. Currently, the main attention is paid not only to the presentation of ready-made educational material that contributes to the high quality of the student's knowledge on the subject, but also to his intellectual creative activity as a person, hardworking and hardworking, which makes up his professional destiny, the positions of ideas, theories, concepts raise problems and contradictions, assess their significance in the conditions of school renewal. The organization of a critical analysis of the realities of life is provided.

The article will be devoted to school teachers, teachers of higher educational institutions, and masters.

**Key words:** speech, culture of speech, didactics, didactic principles, language resources, methodology, methodological basis, oral speech, written speech, speech activity.

**Актуалдуулугу.** Орто мектептин V-VIII класстарында кыргыз адабияты курсунун негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр менен байланышат: биринчиси, негизги мектептин бул концентри башталгыч класстагы «Алиппе», «Адабий окуу» предметтеринен окуучулар алган компетенттүүлүктөрдү андан ары улантуучу курс болуп саналат; экинчиси, бул төрт класс башталгыч класстар менен жогорку класстардын өткөөл көпүрөсү болуп, көркөм чыгармалардын тексттерин окуп үйрөнүүдөн ал тексттердин негизинде системалуу ой жүгүртүүгө, аларды адабий-теориялык талдоого, авторлордун чыгармаларын өмүр баяндары менен биримдикте окутууга багытталат; үчүнчүдөн, бул класстарда окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү, көркөм чыгарманын ички табиятын үйрөнүү ишмердүүлүгү бир топ жогорулап, адабий каармандарга сынчыл көз карашы калыптанат; төртүнчүдөн, V-VIII класстарда окуучулардын өз алдынча адабий китептерди кызыгууларына жараша издеп таап, жактыргандарын гана окуган окурмандык табити жогорулайт; бешинчиден, бирөөлөрдүн, өзгөчө мугалимдин жардамысыз эле жазуу жумуштарын аткара алат, сөздүктөр менен иштегенде үйрөнөт ж.б.

Жогорудагыдай өзгөчөлүктөр бул класстарда окуучуларга адабий билим берүүдө, мугалимдин окутуунун дидактикалык принциптерин, методдорун жана каражаттарын тандоодо эске алынууга тийиш.

**Максаты:** Кеп маданияты өнүктүрүүнүн тарыхый-эволюциясын жана бул боюнча

изилдөөлөрдүн методологиялык базасын, дидактикалык принциптерин көрсөтүп, алардын өзгөчөлүктөрүн ачып берүү.

**Методдор:** адабияттарга илимий анализ; талдоо; салыштыруу; баалоо.

**Негизги текст**

Принцип – бул фундамент, ар кандай иштин башкы идеясы, ошол идеяны ишке ашыруунун негизи. Туура табылган принцип менен гана илимий концепциялар, теориядан алынган практикалык жыйынтыктар ишке ашат. Педагогиканын тарыхында дидактиканын бир катар принциптери тууралуу окуулар жаралган. «Дидактика» грек тилинен биздин тилге которгондо «үйрөтүүчү» дегенди түшүндүрөт. Бул термин Европада XIX кылымда колдонула баштаганы менен анын негиздери Ян Амос Коменскийдин «Правила легкой грамматики» (1616), «Сокровищница чешского языка» (1627), «Дидактика» (1632), «Великая дидактика» (1633-1638), «Всеобщий совет об исправлении дел человеческих» (1644), «Школа – игра» (1656), «Мир чувственных вещей в картинках» (1658), «Единственно необходимое» (1668) деген эмгектеринде эле түзүлүп, методологиялык базасы иштелип чыккан. Кийин Иоганн Генрих Песталоцци «Досуги отшельника» (1780), «Как Гертруда учит своих детей» (1781), «Линград и Гертруда» (1781-1787), «Лебединая песня» (1826), Фридрих Вильгельм Адольф Дистерверг «Руководство к образованию учителей» (1835), «Педагогические ежегодники» (1851-1854), Константин Дмитирович Ушинский «О пользе педагогической литературы» (1852), «Детский мир» (1861), «Родное слово» (1864), «Человек как предмет воспитания. Опыт педагогической антропологии» (1868-1869) деген эмгектеринде андан ары тереңдеткен.

Дидактиканын ар түрдүү принциптери А.Алимбеков, Ю.К.Бабанский, И.Б.Бекбоев, С.Л.Вигман, К.Д.Добаев, В.И.Загвязинский, И.Я.Лернер, В.Г.Крысько, Э.М.Мамбетакунов, М.И.Махмутов, М.Н.Скаткин, В.П.Пидкасистый, И.П.Подласый, А.В.Текучев, М.Р.Львов, А.В.Харламов, А.В.Хуторской ж.б. советтик жана кыргыз дидактары тарабынан өркүндөтүлдү.

Дидактиканын принциптери жалпы жана жеке (методикалык) принциптер болуп бөлүнөт. Мисалы, окутуу жана тарбиялоо процессинин принциптери тууралуу Я.А.Коменский алгачкы жолу бөлүштүрүү жүргүзгөн болсо да, андан кийин алар улам толукталып, азыр башкы принциптер катары буларды көрсөтүп келебиз:

- аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк;
- көрсөтмөлүүлүк;
- билимдин акырындап жана ырааттуу берилиши (принцип постепенности и систематичности знаний);
- билимди жана тарбияны жаратылышка айкалыштыруу;
- билим берүүнү практика менен бекемдөө;
- окутуунун тарбиялык мүнөздө болушу;
- курак жана жеке өзгөчөлүктөрдү эске алуу;
- бышыктык;
- жеткиликтүүлүк;
- илимийлүүлүк;
- проблеманын өткөн тарыхына кайрылуу;
- уланмалуулук (удаалаштык);

- гумандуулук ж.б.

*Жеткиликтүүлүк принцибинде* мугалимдин сабактагы ар бир айткан сөзү окуучулар үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү болууга тийиш делет. Л.Н.Толстой: «Адамдардын акыл-эстик байланышынын жападан жалгыз каражаты – сөз, мындай байланышты түзүү үчүн сөздөрдү алардын ар бири угуучуларга керектүү жана так түшүнүктү туюнткандай кылып колдонуу керек» [1], - деген. Ошондуктан кыргыз адабияты сабагында жана класстан тышкаркы учурларда көркөм чыгарманын текстин өздөштүрүүнүн эң орчундуу бөлүгү сөздөр менен иштөө болууга тийиш. V класста Б.Алыкуловдун «Жакшы кыз», «Өзү каар, тили заар кыз», «Болор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын» деген ырларын окутууда бир топ диалектилик сөздөр менен кездешебиз. Алардын маанилерин Түндүк Кыргызстанда жашаган окуучулар түшүнбөйт, а түгүл акын туулган Жалал-Абад жергесинде дале көп колдонулбай, ал сөздөрүн лексикалык маанисин толук кабыл алуу кыйынчылык жаратат. Ал сөздөр: шагдам, чаӊгал, пайиз, сынчы, дали, гезген ж.б. Булардын маанисин түшүндүрүү үчүн мугалим кыргыз тили сабагы менен интеграциялап, «Кыргыз тилинин диалектилери» деген теманы эске түшүрөт, Ж.Мукамбаев түзгөн диалектологиялык сөздүктү [2] пайдаланат. Окуучуларга өз түшүнүктөрүн жазуу үчүн таблица толтурууну талап кылабыз.

**Таблица 3.1. – Б. Алыкуловдун ырларындагы диалектилик сөздөр менен иштөө**

| **берилген сөз** | **тексттен алынган мисал** | **түшүндүрмө** | **диалектизмдин кайсыл түрүнө кирет** |
|---|---|---|---|
| дали | далида сындап өргөн кара чач | далысына таштап көйгөн өрүлгөн чачы | фонетикалык |
| онун | онун иши | анын кылган иштери | фонетикалык |
| майин | майин күлгөн | акырын, жылмая күлүү | лексикалык |
| шагдам | шагдам болор жигит | ыкчам, чечкиндүү, тез | лексикалык |
| чаӊгал | керилип сунат чаӊгалди | чеӊгел | фонетикалык |
| сынчы | сарайында сынчы бар | бышык болсун үчүн каршы-терши түркүк коюп, ылай менен согулган дубал | этнографиялык |

*Уланмалуулук (удаалаштык) принциби* – окуучулардын алган билимдеринин бекем болушуна, бир маалымат менен экинчи маалымат айкалышып, бири-бирин толуктап турушуна шарт түзөт. Мисалга алсак, кыргыз адабиятында эӊ көп саат менен окутулган чыгарма – «Манас» эпосу. V класста «Манастын бала чагы» деген тема эки саат менен өтүлөт, мында кыргыздардын сырткы душмандардын басып алуусунан улам туш-тарапка сүрүлүп, Жакып хандын Алтайга барып калгандыгы, элдин бир баатыр жигиттин туулушун күтүп жаткандыгы, баланын башкача туулушу, ага ысым ыйгарылышы, Манастын Чоӊ жинди аталышы жана анын тайманбас, күчтүү экендиги, жигит курап, аскердик өнөргө машыгуулары жөнүндө айтылат. Мына ушундай сюжеттик окуяларды берүүдө абдан көп көөнө сөздөр, архаикалык лексика колдонулат. Тексти талдоо процессинде кыргыздарды кытайлар «бурут» деп атай турганын, кыргыздар калмактарды «ойроттор», «кара калмактар», «жунгарлар» дешери түшүнүктү болот. Тамакты аябай эзилте бышырганды «бор кайнатуу» дешкен. Кулундун терисин ийлеп түгүн сыртты каратып тигилген жеӊил тон «даакы» деп аталган, атка салган

ээрдин бир түрү «ак каңкы» делген. «Баатырдын баарын сомдоду, балбандарын сойлоду, Манас бирин да тирүү койбоду», – деп он экидеге баланын кылыктарын уйкашкан сөздөр менен образдуу кылып сүрөттөп жатат. Адамдын өлүмүн так айтпай, «койдой башты кеспесин, курсакты бөөдө жарбасын» – деген өтмө маанидеги саптар менен туюндуруп жатат. Калмактардын Тагылык деген баатырынын сырткы портретин «Адамдын мурдун, кулагын, тумар кылып тагынган» деп образдуу көрсөтсө, жаш баатыр бала Манастын сырткы келбетин, иш-аракеттерин «Улук экен, шер экен», «Кынсыз кылыч байланган», «Кайра жаачу булуттай, каар жүзүнө айланган», «Мунун жүргөнүнөн чаң чыгат, добушунан жан чыгат» дегендей сөздөр менен гиперболалык поэтикалык формада берет.

Сабак процессинде «Манастын бала чагын» окутуп жатканда ар бир сөздү, сөз айкашын окуучуларга түшүндүрүп, тексттен алынган мисалдар менен бекемдеп, алар кебинде колдоно алуу деңгээлине жеткирүү зарыл.

*Уланмалуулук жана жөнөкөйдөй татаалга* деген принцип менен «Манас» эпосунун кийинки үзүндүсү VI класста «Каныкейдин Тайторуну чапканы» деген темада 2 саат окутуу менен берилет. Анда V класста «Манастын бала чагы» деген темада эпостун тил байлыгы дагы тереңдетилет. Бул бөлүмдө Манастын аялы Каныкейдин айкөлдүгү, акылмандыгы, гумандуулгу, мекенчилдиги, назиктиги өтө кылдат берилет да, каармандын ат чабуу учурундагы психологиялык дүрбөлөң абалы, адам жана жылкы мамилеси кыргыз тилинин бай казынасы – салыштыруулары, эпитеттери, метафоралары, гиперболалары, фразелогизмдери менен туюнтулат. Тайторуну байгеге кошор алдынан күрүчтөн күрмөк жем бергени, күндө терин алдырганы, арпадан аса жем бергени, айда терин алдырганы, түнү ай талаада жалгыз өзү ачуу терин алдырганы – булар жөн гана кыймыл коштолгон эпизоддор эмес, буларда кыргыз элинин саяпкерлик билими жана искусствосу жатат. Окуучулар бул саптар эмне үчүн айтылып жатканын түшүнүүсү зарыл. «Көйкөлүп турган көкүл», «Көк жибек менен түйүү», «Кулпунган сыйда куйрук», «Эки кулач чоң чылбыр», «Окоро түйгөн ак нокто», «Алтымыш асый тору», «Ок жыландай атылуу», «Адыр-будур бел менен, кузгун учпас чөл менен», «Оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шыркырап» ж.б. туруктуу сөз айкаштарынын, поэтикалык таамай сүрөттөөлөрдүн окуяны чагылдыруудагы, каармандын психологиялык аракеттерин ачуудагы күчү ачып көрсөтүлүлөт.

VI класстар үчүн окуу китебинин [3, 121] талабы боюнча ушул темадан соң Саякбай Каралаевдин, Камил Мамадалиевдин айтуусундагы «Манас» эпосунан үзүндү аудио же видео дисктен угуу, Роза Амановандын айтуусунда дастандын бир бөлүгүн угуу тапшырмасы берилет. Бул тапшырмаларды аткаруу менен биз окутуунун *көрсөтмөлүүлүк принцибин* ишке ашырган болобуз. Маалыматтык технологиялардын жардамы менен тексти толуктоо аркылуу окуучулардын чыгарманы кабыл алуусуна активдүүлүк киргизип, алардын элестетип турушуна шарт түзүп жана эске көпкө сакталып калышына жетишебиз. Көрсөтмөлүүлүккө мисалы, окуучуларга «Жаш Манас баатырды элестетип сүрөт тарткыла», «Тайторуну элестетип сүрөт тарткыла», «Каныкейди элестетип сүрөт тартыла» десек, балдар Манасты абдан балбан, баатыр катары элестетип, жоокер кийимчен тартат, ал эми Тайторуну көп окуучу төрт аягын тең шилтеп чуркап баратканын, же жал-куйругун чубалтып учуп баратканын тартышат, Каныкейди болсо абдан сулуу, чачы узун, шөкүлөчөн элестетишет. Алар бул каармандарды Теодор Герцендин «Манас» эпосу боюнча тарткан сүрөттөрү боюнча элестеп калган. Мына ушул сүрөттөрдү карап туруп, оозеки сүйлөп берүү, дил баян жазуу

тапшырмаларын аткаруу менен окуучулар кеп маданиятын калыптайт.

*Уланмалуулук, жөнөкөйдөй татаалга деген принцип* боюнча VII класстарда эпостук сюжеттин негизинде жазылган Ж.Сыдыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасын окутууда эпостун тили менен драманын тилин, стилин салыштырылып үйрөтүү мугалим жана окуучулар үчүн кыйынчылык жаратканы менен бул ыкманын балдардын тилдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда эффективдүүлүгү өтө жогору. Анткени бул ишмердүүлүктө окуучулар эки тектеги (эпика, драма) чыгарманы тексттерди терең үйрөнүп салыштырууга мүмкүнчүлүк алат.

Эпостун тилдик байлыктарын үйрөнүү андан ары *уланмалуулук, билимдин акырындап жана ырааттуу берилиши принциптерине* таянылуу менен VIII класстарда ишке ашырылат. Бул класста үчилтиктин биринчи «Манас» бөлүмү 13, экинчи «Семетей» бөлүмү 10, үчүнчү «Сейтек» бөлүмү 5 саат менен окутулат. Бул жалпы 28 саат сабактарда окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүүнүн эң зор мүмкүнчүлүгү түзүлөт да, мугалим өз алдына көп максатты коёт: биринчиси, кыргыз элинин фольклордук улуу чыгармасынын жалпы тилдик чеберчилиги менен тааныштырып, окуучуларга алардын байыркы бабаларынын тили кандай болгондугун тааныштырат; экинчиси, эпостун текстин окуп же угуп жатып манасчылар каармандарды сүрөттөөдөгү, жаратылышты чагылдыруудагы, согуштук баталияларды ж.б. учурларды көрсөтүүдөгү поэтикалык чеберчиликтерин ачып берет; үчүнчүдөн, манасчылардын үнүн, мимикасын, артистик чеберчилигин туурагысы келип, өздөрү да манас айтып, кебинде көптөгөн эскирип, колдонуудан чыккан археикалык сөздөрдү, троптун түрлөрүн, стилистикалык каражаттарды колдонууга жетишет.

**Жыйынтыктап айтканда,** окуучулардын байланыштуу кеп маданиятын калыптандырууда дидактикалык принциптер окутуунун мазмунуна байланыштуу болуп ар бир сабакта туура колдонулуп турганда мугалим менен окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү эффективдүү ишке ашат.

**Адабияттар:**

1. Русские писатели о языке. 2-е изд. [Текст] / – М.: 1955. – 285 с.
2. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү [Текст] / Даярдаган К.Конкобаев. – Б.:2009. – 1379 б.
3. Муратов А. Кыргыз адабияты. 6-кл. Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби [Текст] / А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов. – Б.: 2021. – 121-б. https://kitep.edu.gov.kg/ru/view/243
4. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 2-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 2014. – 344 б.
5. Богданова О.Ю. Теория и методика обучения литературы: Учебник для пед. вузов [Текст] / О.Ю.Богданова, С.А.Леонов, В.Ф.Чертов / Под ред. О.Ю.Богдановой. – М.: 2008. – 318 с.
6. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / А.Муратов, К.Акматов. – Б.: 2021. – 568 б.
7. М.Р.Львов Львов М.Р. Словарь-справочник по методике русского языка [Текст [12, 168-169].